 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

УДК 371.311.5

***Кыдыралиева А.Р., Асанкулова А.***
*Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин алдындагы Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту*

# СЫНЧЫЛ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ТЕХНОЛОГИЯСЫНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

***Кыдыралиева А.Р., Асанкулова А.***
*Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических работников при Министерстве просвещения Кыргызской Республики*

# ПЕДАГОГИКО-ПСИХОЛОГИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ТЕХНОЛОГИИ КРИТИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ

***Kydyralieva A.R., Asankulova A.***
*Republican Institute for Advanced Training and Retraining of Teachers under the Ministry of Education of the Kyrgyz Republic*

# PEDAGOGICAL AND PSYCHOLOGICAL CHARACTERISTICS OF CRITICAL THINKING DEVELOPMENT TECHNOLOGY

**Аннотация:** Макалада башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын педагогикалык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү каралат. Технологиянын теориялык негиздери, анын үч этаптуу түзүмү (чакырык, түшүнүү, ой жүгүртүү) жана окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүнө тийгизген таасири талданат. «Кластер», «Инсерт», «Синквейн», «Фишбоун», «Ой жүгүртүүнүн алты калпагы» сыяктуу стратегиялардын мааниси ачылып, аларды адабий тексттерди талдоодо колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлгөн. Ошондой эле Ж. Пиаже менен Л. С. Выготскийдин теорияларына таянып, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын окуучулардын логикалык, аналитикалык жана коммуникативдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүдөгү ролу негизделет. Изилдөөдө мугалимдин салттуу билим берүүчү ролунан фасилитатордук ролго өтүүсүнүн артыкчылыктары белгиленип, анын компетенттүүлүккө багытталган билим берүүдөгү мааниси көрсөтүлөт.
***Түйүндүү сөздөр:*** *сынчыл ой жүгүртүү, адабий окуу, башталгыч класс, компетенттүүлүк, аналитикалык ой жүгүртүү, фасилитатор.*
**Аннотация:** В статье рассматриваются педагогические и психологические особенности технологии развития критического мышления на уроках литературного чтения в начальной школе. Анализируются теоретические основы технологии, её трёхэтапная структура (вызов, осмысление, рефлексия) и влияние на интеллектуальное развитие учащихся. Особое внимание уделяется стратегиям «Кластер», «Инсерт», «Синквейн», «Фишбоун» и «Шесть шляп мышления», а также возможностям их применения при анализе художественных текстов. На основе теорий Ж. Пиаже и Л. С. Выготского раскрывается роль технологии критического мышления в формировании логических, аналитических и коммуникативных навыков младших школьников. Подчеркивается трансформация роли учителя из источника готовых знаний в фасилитатора учебного процесса и обосновывается значимость данной технологии в компетентностно-ориентированном образовании.
**Ключевые слова:** *критическое мышление, литературное чтение, начальная школа, компетентность, аналитическое мышление, фасилитатор.*
**Abstract:** This article examines the pedagogical and psychological characteristics of critical thinking development technology in primary school literary reading lessons. It analyzes the theoretical foundations of the approach, its three-stage structure (evocation, comprehension, and reflection), and its impact on students' intellectual development. Particular attention is given to instructional strategies such as Cluster, INSERT, Cinquain, Fishbone, and Six Thinking Hats, highlighting their effectiveness in literary text analysis. Drawing on the theories of Jean Piaget and Lev Vygotsky, the study explains the role of critical thinking technology in developing learners' logical, analytical, and communicative skills. The article also emphasizes the transformation of the teacher's role from a transmitter of knowledge to a facilitator of learning and substantiates the importance of this technology within a competency-based educational framework.
***Keywords:*** *critical thinking, literary reading, primary education, competency, analytical thinking, facilitator.*

Заманбап билим берүүдө окуучунун интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүнүн эң натыйжалуу куралдарынын бири — сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы (СОЖӨТ) болуп саналат. Бул технология 1990-жылдардын аягында америкалык окумуштуулар жана педагогдор Ж. Стил, К. Мередит жана Ч. Темпл тарабынан иштелип чыгып, дүйнөлүк педагогикалык практикада «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» (RWCT – Reading and Writing for Critical Thinking) программасы катары кеңири тараган.

**«Сынчыл ой жүгүртүү» түшүнүгүнүн илимий маңызы.** Сынчыл ой жүгүртүү түшүнүгү күнүмдүк турмуштагы «сын айтуу» же «кемчилик издөө» маанисинде колдонулбайт. Педагогикалык контекстте ал маалыматты аң-сезимдүү кабыл алуу, ага суроо коюу, талдоо

жүргүзүү, анын маңызын түшүнүү жана алынган жыйынтыктардын негизинде негиздүү чечим кабыл алуу процесси катары каралат.

Билим берүү теориясында сынчыл ой жүгүртүү маалыматты талдоого, салыштырууга, баалоого жана аны практикада колдонууга мүмкүндүк берген жогорку деңгээлдеги когнитивдик ишмердүүлүк катары мүнөздөлөт. Белгилүү философ жана психолог Дайана Халперн өзүнүн *«Психология критического мышления»* аттуу эмгегинде төмөнкүдөй аныктама берет: *«Сынчыл ой жүгүртүү — бул максатка багытталган, когнитивдик көндүмдөрдү жана стратегияларды колдонуу менен мүнөздөлгөн ой жүгүртүүнүн түрү. Ал ой жүгүртүү жөнүндө ой жүгүртүүнү да камтыйт»* [3, 15-б.]. Бул аныктама окуучунун өзүнүн таанып-билүү процесстерин аңдап-түшүнүп, башкара билүү жөндөмүн, башкача айтканда, метакогнитивдик жөндөмдөрүн баса белгилейт.

Кыргыз педагогикасында бул маселени терең изилдеген окумуштуу Абдыкерим Муратов сынчыл ой жүгүртүүнү окуучунун «ички эркиндиги» менен байланыштырат. Анын пикири боюнча, окуучу автордун же мугалимдин оюн даяр калып катары кабыл албай, аны өзүнүн логикалык талдоосунан өткөрүп, жеке көз карашын калыптандырганда гана чыныгы компетенттүүлүк өнүгөт [1, 92-б.].

«Көркөм текстти талдоо — бул жөн гана сюжетти кайталоо эмес, окуучунун автор менен болгон интеллектуалдык диалогу, чыгармадагы идеяларга карата жеке көз карашын жана позициясын калыптандыруу процесси» [7, 114-б.]. Бул багытта сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын стратегияларын колдонуу окуучуну пассивдүү угуучудан активдүү изденүүчүгө айлантып, анын маалыматтык, коммуникативдик жана социалдык компетенттүүлүктөрүнүн өз ара интеграцияланышына шарт түзөт.

**Технологиянын үч этаптуу түзүмү (АУЗ модели).** Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын негизги өзгөчөлүгү анын так уюштурулган логикалык түзүмүндө болуп саналат. Ар бир сабак үч негизги этаптан турат. Бул этаптар башталгыч класстын окуучуларынын психологиялык кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө, тактап айтканда, көңүл буруу, маалыматты иштеп чыгуу жана билимди бекемдөө процесстерине толук ылайык келет.

**1. Чакырык этабы (Эвокация)**

- **Максаты:** Окуучунун темага болгон кызыгуусун ойготуу жана анын мурунку билимдерин активдештирүү.
- **Психологиялык мааниси:** Бул этапта окуучунун аң-сезиминде жаңы маалыматты кабыл алууга өбөлгө түзгөн «маалыматтык боштук» пайда болот. Окуучу: *«Мен бул тема боюнча эмнелерди билем жана дагы эмнелерди билгим келет?»* деген суроолордун үстүндө ой жүгүртөт.
- **Методдор:** Кластер, БББ («Билем – Билгим келет – Билдим»), «Мээге чабуул».

**2. Түшүнүү этабы (Маанини аңдоо)**

- **Максаты:** Жаңы маалымат менен (текст менен) түздөн-түз иш алып баруу.
- **Психологиялык мааниси:** Окуучу жаңы маалыматты өзүнүн мурдагы билимдери менен байланыштырып, тексттин негизги маанисин түшүнөт. Бул этапта пассивдүү окуу активдүү таанып-билүү ишмердүүлүгүнө айланат.
- **Методдор:** «Инсерт» (белгилерди коюу аркылуу окуу), «Окуу учурундагы тынымдар», «Түрткү берүүчү суроолор».

**3. Ой толгоо этабы (Рефлексия)**

- **Максаты:** Алынган маалыматты жекелештирүү, аны өзүнүн билим системасына киргизүү жана жыйынтык чыгаруу.
- **Психологиялык мааниси:** Бул эң маанилүү этаптардын бири болуп саналат. Анткени дал ушул жерде жаңы билим окуучунун жеке тажрыйбасы менен айкалышып, анын өзүнүн билимине айланат. Окуучу чыгармага карата жеке көз карашын билдирип, баа берет.
- **Методдор:** Синквейн, «Ой жүгүртүүнүн алты калпагы», эссе, Венн диаграммасы.

**Башталгыч класстарда сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясын колдонуунун психологиялык өзгөчөлүктөрү**

Башталгыч класстын окуучуларынын (7–10 жаш) ой жүгүртүүсү образдуу ой жүгүртүүдөн логикалык ой жүгүртүүгө өтүү баскычында болот. Ошондуктан сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы бул куракта төмөнкү функцияларды аткарат:

- **Рефлексивдүүлүк.** Окуучу өзүнүн ой жүгүртүү процессине талдоо жүргүзүүнү үйрөнөт: *«Мен эмне үчүн мындай деп ойлоп жатам?»* деген суроого жооп издейт.

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

- **Коммуникативдүүлүк.** Мисалы, Төлөгөн Касымбековдун «Адашкан тайлак» чыгармасын талкуулоодо окуучулар башкалардын пикирин угууга, өз көз карашын негиздөөгө жана маданияттуу түрдө талаш жүргүзүүгө үйрөнүшөт.
- **Сынчыл мамиле.** Башталгыч класстын окуучусу үчүн мугалимдин сөзү көбүнчө абсолюттук чындык катары кабыл алынат. Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы окуучунун мындай авторитардык көз карандылыктан акырындык менен арылып, *«Автор бул жерде эмнени айткысы келген?», «Мен бул ойго кошуламбы?»* деген суроолорду берүү жөндөмүн өнүктүрөт.

***КОЖТ жана компетенттүүлүк байланышы.*** Бул технология окуучунун компетенттүүлүгүн төмөнкүдөй өнүктүрөт:

- *Маалыматтык компетенттүүлүк:* Тексттен керектүүсүн бөлүп алуу (Инсерт стратегиясы аркылуу).
- *Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк:* Тексттин тегерегиндеги дискуссия (дискуссиялык карталар).
- *Өзүн-өзү уюштуруу:* Проблеманы табуу жана аны чечүү жолдорун издөө.

Адабият - бул образдуу ой жүгүртүү. КОЖТ бул образдуулукту анализге салууга жардам берет. Мисалы, Ч. Айтматовдун "Атадан калган туяк" аңгемесин өтүүдө "Божомолдоо" стратегиясын колдонуу окуучунун аналитикалык жөндөмүн эң жогорку чекке жеткирет. Бала Авалбектин сезимдерин жөн эле окубастан, аны өзүнүн жүрөгү аркылуу өткөрүп, андан кийин гана акыл менен жыйынтык чыгарат.

Башталгыч класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык, сынчыл ой жүгүртүү технологиясы конкреттүү стратегиялар аркылуу ишке ашырылат. Төмөндө адабий текст менен иштөөдө эң натыйжалуу стратегияларды деталдуу талдайбыз:

*1. "Кластер" стратегиясы (Ойлордун тобу)*:

Бул стратегия маалыматты визуалдаштырууга жана системалаштырууга багытталган. Сабактын "Чакырык" этабында окуучулардын тема боюнча билимин активдештирүү үчүн колдонулат. Мисалы, Ч.Айтматовдун "Атадан калган туяк" аңгемесин өтүүдө борборго "Согуш" же "Авалбек" деген сөздү жазып, окуучулар ал сөзгө тиешелүү ассоциацияларын (коркунуч, жетимдик, кино, сыймык ж.б) туташтырышат. Бул баланын логикалык байланыштарды куруу жөндөмүн өстүрөт.

*2. "Инсерт" стратегиясы (Белги коюп окуу):*

Текстти активдүү кабыл алуунун куралы. Окуучу текстти окуп жатып, четки талаага атайын белгилерди коёт: "V" – билем, "+" – мен үчүн жаңы маалымат, "-" – мен башкача ойлогом, "?" – түшүнүксүз, кошумча маалымат керек. Бул стратегия башталгыч класстын окуучусун маалыматты сорттоого жана өзүнүн түшүнүү деңгээлин контролдоого (метакогниция) үйрөтөт.

*3. "Синквейн" (Беш сап ыр):*

Бул рефлексия (ой толгонуу) этабынын эң популярдуу ыкмасы. Ал маалыматты кыска, нуска жана образдуу жыйынтыктоого мүмкүндүк берет. Түзүлүшү: 1-сап – тема (зат атооч), 2-сап – мүнөздөмө (2 сын атооч), 3-сап – кыймыл-аракет (3 этиш), 4-сап – автордун мамилеси (4 сөздөн турган фраза), 5-сап – теманын синоними же маңызы.

*4. "Фишбоун" (Балыктын скелети):*

Проблемалык кырдаалдарды талдоо үчүн колдонулат. Балыктын башына — көйгөй, үстүнкү кылканга — себептери, астыңкыга фактылар, куйругуна — жыйынтык жазылат. Т.Касымбековдун "Адашкан тайлак" чыгармасында тайлактын адашып калуу себептерин жана анын кесепеттерин ушул схема аркылуу талдоо окуучунун аналитикалык компетенттүүлүгүн тереңдетет.

*5. "Алты калпак" (Эдвард де Боно):*

Текстти алты башка позициядан талдоо ыкмасы. Ак калпак — фактылар; Кызыл — сезимдер; Кара — сын көз караш; Сары — оптимизм; Жашыл — чыгармачылык; Көк - жыйынтык. Бул стратегия окуучуга бир эле окуяны ар тараптуу кароону жана башкалардын пикирин сыйлоону үйрөтөт.

***Мугалимдин ролунун трансформациясы.*** Сынчыл ой жүгүртүү технологиясын колдонууда мугалимдин ролу түп-тамырынан бери өзгөрөт. Ал даяр билимдин булагынан окуу процессинин фасилитаторуна (багыт берүүчүсүнө) айланат.

| Салыштыруу критерийлери | Салттуу окутуу | КОЖТ негизинде окутуу |
|---|---|---|
| Мугалимдин ролу | Диктатор, негизги билим берүүчү. | Фасилитатор, өнөктөш, кеңешчи. |
| Окуучунун ролу | Пассивдүү угуучу, аткаруучу. | Активдүү изденүүчү, изилдөөчү. |
| Билим берүү булагы | Окуу китеби жана мугалимдин сөзү. | Текст, талкуу, жеке тажрыйба, изденүү. |
| Каталарга мамиле | Жазаланат же терс бааланат. | Изденүүнүн жана үйрөнүүнүн бир бөлүгү. |
| Сабактын максаты | Маалыматты эстеп калуу. | Маалыматты талдоо жана колдонуу. |

Мугалим окуучуга "Эмнени ойлонуу керек?" эмес, "Кантип ойлонуу керек?" деген сунушту берет. Бул компетенттүүлүк мамиленин негизги талабы. Башталгыч класстын окуучуларынын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү үчүн швейцариялык психолог Жан Пиаженин когнитивдик өнүгүү теориясына кайрылуу зарыл. Анын концепциясына ылайык, башталгыч класстын окуучулары (7-11 жаш) *"конкреттүү операциялар"* стадиясында турушат [6, 142-б]. Бул учурда бала логикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү болот, бирок анын ой чабыты дагы деле конкреттүү мисалдарга жана визуалдык колдоого муктаж. Бул стадияда окуучулар объекттерди классификациялоого, алардын ортосундагы байланышты табууга үйрөнүшөт, бирок абстракттуу түшүнүктөрдү кабыл алууда кыйынчылыктарга туш болушат.

Ушул психологиялык өзгөчөлүктөн улам, адабий окуу сабактарында сынчыл ой жүгүртүү технологиясынын визуалдык стратегияларын (мисалы, "Венндин диаграммасы", "Кластер", "Фишбоун") колдонуу эң натыйжалуу натыйжаларды берет. Бул стратегиялар тексттеги абстракттуу идеяларды же каармандардын ички сезимдерин окуучунун кабыл алуусуна ылайыктуу болгон конкреттүү схемаларга айлантат.

Л.С. Выготский белгилегендей, окутуу баланын өнүгүүсүнүн алдында жүрүшү керек [4, 76-б]. Пиаженин теориясы менен КОЖТтун айкалышы окуучуну конкреттүү ой жүгүртүүдөн абстракттуу-логикалык ой жүгүртүүгө өтүүсүнө көмөктөшүп, анын интеллектуалдык компетенттүүлүгүнүн сапаттуу өсүшүн камсыз кылат.

Сынчыл ой жүгүртүү технологиясы баланын когнитивдик структурасын төмөнкүдөй өзгөртөт:

1. *Ассимиляция жана аккомодация:* Окуучу жаңы маалыматты өзүнүн мурунку схемаларына кошот (ассимиляция) жана жаңы тажрыйбага ылайык өзүнүн көз карашын өзгөртөт (аккомодация).
2. *Децентрация:* КОЖТ стратегиялары (мисалы, "Алты калпак") баланы окуяга бир гана өзүнүн эгоцентристтик көз карашы менен эмес, башка каармандардын позициясынан кароого үйрөтөт.
3. *Операционалдуулук:* Бала тексттеги маалыматты жөн эле жаттабастан, аны менен интеллектуалдык операцияларды (классификациялоо, салыштыруу, жалпылоо) жүргүзөт.

***КОЖТ негизиндеги сабактын үлгүсү (Теориялык модель)***

*Предмет:* Адабий окуу (4-класс)

*Тема:* Т. Касымбеков, "Адашкан тайлак"

***I. Чакырык этабы:***

- Мугалим доскага "Адашуу" деген сөздү жазат.
- *Стратегия*: *"Кластер"*. Окуучулар адашуу дегенде эмнелерди сезерин (коркуу, жалгыздык, үмүт, издөө) жазышат.

***II. Түшүнүү этабы:***

- Текстти бөлүктөргө бөлүп окуу.
- *Стратегия*: *"Божомолдоо менен окуу"*. Биринчи бөлүктөн кийин: "Тайлак чытырманга киргенде эмне болушу мүмкүн?" деген суроо берилет.
- *Стратегия*: *"Инсерт"*. Окуучулар тайлактын сезимдери сүрөттөлгөн жерлерди белгилешет.

***III. Ой толгонуу этабы:***

- *Стратегия:* "Синквейн".

1. Тайлак.
2. Корккон, жалгыз.
3. Боздойт, издейт, титирейт.
4. Энесин тапса экен деп тилейм.

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

5. Бото (же жетимдик).

Жыйынтыктоочу талкуу: "Жаратылышка адамдын мамилеси кандай болушу керек?"

*Корутунду.* Жүргүзүлгөн талдоолор көрсөткөндөй, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө, өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмдөрүн калыптандырууга жана билимди аң-сезимдүү өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзгөн натыйжалуу педагогикалык технологиялардын бири болуп саналат. Анын педагогикалык-психологиялык негиздери окуучунун жеке тажрыйбасына таянуу, билимди өз алдынча куруу жана социалдык өз ара аракеттенүү аркылуу өнүгүү принциптерине негизделет.

Изилдөөнүн жыйынтыгында сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын үч этаптуу түзүмү — чакырык, түшүнүү жана ой толгонуу этаптары — окуу процессин системалуу уюштурууга шарт түзөрү аныкталды. Бул этаптар окуучулардын мурдагы билимдерин активдештирүүгө, жаңы маалыматтарды талдап түшүнүүгө жана алынган билимдерди жалпылоого мүмкүндүк берет. Ошону менен катар «Кластер», «Инсерт», «Синквейн», «Фишбоун» жана «Алты калпак» сыяктуу стратегияларды колдонуу окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, талдоо жана салыштыруу жөндөмдөрүн, чыгармачылыгын жана коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөрү аныкталды.

Ж. Пиаже менен Л.С. Выготскийдин илимий көз караштары сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын психологиялык негиздерин түшүндүрүүгө мүмкүндүк берип, анын окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизерин тастыктайт. Мындай шартта мугалимдин ролу да өзгөрүп, ал маалымат берүүчү гана эмес, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштуруучу, багыттоочу жана колдоочу фасилитатор катары иш алып барат.

Демек, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясын башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында максаттуу жана системалуу колдонуу окуучулардын функционалдык сабаттуулугун, аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүп, компетенттүүлүккө багытталган заманбап билим берүүнүн негизги талаптарын ишке ашыруунун маанилүү каражаты болуп саналат.

***Адабияттар:***

1. Выготский Л. С. Мышление и речь / Л. С. Выготский. – М.: Лабиринт, 1999. – 352 с.
2. Халперн Д. Психология критического мышления / Д. Халперн. – СПб.: Питер, 2000. – 512 с. – С. 12–18.
3. Загашев И. О., Заир-Бек С. И. Критическое мышление: технология развития / И. О. Загашев, С. И.Заир-Бек – СПб.: Альянс-Дельта, 2003. – 284 с.
4. Кларин М. В. Инновации в мировой педагогике / М. В. Кларин. – Рига: Эксперимент, 1995. – 180 с.
5. Meredith K. Critical Thinking Development Technology through Reading and Writing (RWCT) / K. Meredith, J. Steele, Temple C. Critical. – Moscow: Open Society Institute, 2002. – P. 45–52.
6. Конституция Кыргызской Республики. – Бишкек, 2021. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/
7. Омокеева А. Башталгыч мектепте окуучулардын компетенттүүлүгүн өнүктүрүү / А. Омокеева. – Бишкек, 50-57-бб.

.